**Изденүүчү Өмүралиева Жанар Орозалиевнанын «Молдобасан Мусулманкуловдун “Манасынын” көркөмдүк өзгөчөлүгү жана анын чыгармачылык өнөрканасы» деген 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына биринчи расмий оппоненттик**

# ПИКИР

Фольклористика илиминде манасчылардын варианттарын атайын изилдөөнүн обектисине алып автобиографиясынан тартып чыгармачылык бейенесине чейин жана анын манас таануу илимине кошкон салымы, ошондой эле манасчылардын арасында алган ордун белгилеген диссертациялык иштердин аткарылышы фундаменталдуу илим сересиндеги жакшы саамалыктардын бири.

Ушул өңүттөн алганда, эпикалык жанрдын чоң бөлүгүн ээлеп турган баатырдык эпосторду айтып келген манасчылардын толук үчилтик, же бир эки бөлүгүн айткан варианттарын ар тараптуу изилдөө илим үчүн баа жеткис маалыматтарды берери анык жана дайыма **актуалдуу**. Бул боюнча көч башында К. Рахматуллинден тартып бери алганда К.Ибраимов, К.Талиева, Т.Айталиева өңдүү окумуштуулар Ыбырай Абдырахмановдун, Сейдене Молдокееванын, Ж.Кожековдун ж.б варианттары боюнча атайын диссертациялык иштерди коргошкон.

Манасчылардын жеке чыгармачылык өнөрканасына кайрылуу менен мындай диссертациялык иштер өтө чон көлөмдөгү варианттардын гипертекстин жакындан таанууга жана варианттар аралык айырмачылыктарды билүүгө, ошону менен катар манасчылык касиетти алып жүргөн манасчылардын көп кырдуу талантын илимий көз караштан баамдоого, алардын виртуалдуу мүмкүнчүлүктөрүн өздөштүрүүгө көмөк болот.

ИНСТИТУТ ЯЗЫКА И ЛИТЕРАТУРЫ ИМ. Ч. АЙТМАТОВА
НАЦИОНАЛЬНОЙ АКАДЕМИИ НАУК КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Вход. № 132/04-8
« 2 » 04 2021 г.

Диссертанттар багыттуу иликтөөлөрдө анын методологиялык жагдайын кошо ачып беришет. Концептуалдуу түрдө мындай проблемаларга атайын токтолуп, деталдуулук менен иликтөө жүргүзүү ыкмасы жалпы сюжеттик композициялык түзүлүшүн толук кандуу кабылдоону камсыз кылат. Колубуздагы диссертациялык иш залкар манасчы Молдобасан Мусулманкуловдун вариантына арналган.

Диссертациялык иш кириш бөлүмдөн, эки главадан жана жети параграфтан, корутунду бөлүктөн турат. Диссертациялык иштин Кириш бөлүмүндө ЖАКтын талаптарына ылайык иштин актуалдуулугу, диссертациялык иштин башка чоң программалар жана илимий иштер менен болгон байланышы, максаты, милдеттери, жаңычылдыгы, теориялык жана практикалык мааниси, коргоого алып чыгып жаткан жоболордон, диссертанттын ага кошкон жеке салымы өңдүү маселелерди дыкаттык менен баяндайт.

**Иштин мазмунунда төмөндөгүдөй проблемалар каралган:**
диссертант манасчы Молдобасан Мусулманкуловдун жалпы чыгармачылык жолуна комплекстүү изилдөө жүргүзүүнү максат кылат. Автор манасчынын манас айтууга чейинки жана айтып баштаган учурларын этаптуу түрдө изилдейт. Алсак, диссертант манасчы **Молдобасан Мусулманкуловдун чыгармачылыгын төрт баскычта** карайт:

1. Манасчынын элдик оозеки чыгармачылыктын лирикалык жанрдык түрлөрүнө кошкон салымын;
2. Элдик поэма, дастан, кенже эпосторунун өздүк вариантын айтууга жана аны көркөмдүк бийик деңгээлде аткара билүүсүн;
3. Чыгармачылыгы күчүнө кирген кезде “Манас” үчилтигин айтууга жетишип, аны алтын казынага таштап кеткен баа жеткис мурасын калтырганын;
4. Айтуучулук темасына кайрылган жана диссертанттын темасына пайдасын тийгизе турган түз тиешелүү илимий-теориялык адабияттарга системалуу түрдө аналитикалык иликтөө жүргүзгөн,

ошондой эле манасчынын “Манас” эпосунун варианты боюнча сын-пикирлерге өзүнчө кайрылган.

Мында, илимий анализ аткарылган илимий монографиялар, диссертациялар жана илимий-популярдуу эмгектер кимдин эмгеги, кайсы проблеманын алкагында Мусулманкуловдун чыгармачылыгына кайрылган, кандай жыйынтыктарды берген, бул диссертациялык ишке кайсы өңүтү менен тийешеси бар ж.б ушундай суроолорду ачыкка коюп, алынган теманы **методологиялык негизде жалгаштырып**, изилдөөнүн натыйжаларын чыгарган.

Ушул максаттарды ишке ашырууда бир катар проблемаларды: мисалы, манасчынын манасчылык өнөргө калыптануу процесси кандай өткөн; манасчынын акындык жана ырчылык өнөрүнө токтолууну; манасчынын “Жаңыл мырза”, “Жаныш Байыш”, “Курманбек” өңдүү эпосторун айта билген, кыргыз эпос таануусунда өзүнчө орунду ээлеген варианттар экендиги, обондуу ыргак менен аткаруудагы өздүк вариантын түзө алгандыгына ага акындык, дастанчылык, эпик айтуучунун аткаруудагы салттуулук эрежелерин туткандыгын өзү менен замандаш залкар акындардын көп кырдуу чыгармачылык өнөрү менен тааныш болушу алардан таасирленишин кароону; башка түрк тилдүү элдердин эпосторундагы типтүү сюжеттер менен ар кандай мотивдерди **салыштырма ыкмасында** кароону; манасчынын “Манас”, “Семетей” бөлүктөрүндөгү жалпы канондук сюжеттердин орун алышын, эпикалык салттуулуктун сакталышын аныктоону; классикалык варианттар болгон Сагымбай Орозбаковдун, Саякбай Каралаевдин айтуусуна салыштырып олтуруп Мусулманкуловдун өзүнө таандык өзгөчөлүктөрүн ачып берүүнү; **поэтикалык синтаксистин** колдонулушун кароону милдетине алат.

Натыйжада бул милдеттери эпикалык чыгармалардын варианттык тексттерин алып **салыштыруу методу** менен иликтенип, алдына койгон максаттарына жеткен.

Көп учурда салыштырма ыкмасы манасчынын чыгармачылыгын текст менен иштөөдө жемишин берген. Ал эпикалык тематикалар, мотивдер, поэтикалык көркөм каражаттар, форма жана формула аркылуу ишке ашкан.

Диссертациялык иште фольклористика илиминин теориясындагы К.Рахматуллин, М.О. Ауэзов, В.М. Жирмунский, А. Лорд, Р.З. Кыдырбаева, А.Акматалиев, Ж.Орозобекова, М.Мукасов, Г.Жамгырчинова, Т.Бакчиев, Н.Нарынбаева, М.Көлбаева өңдүү бир катар окумуштуулардын илимий эмгектериндеги гипотезалар жана жыйынтыктары пайдаланылган.

Автор ишти аткарууда С.Орозбаков, С.Каралаев жана башка манасчылардын варианттарынын тексттерин негизги обьект катары, ошондой эле энциклопедиялык булактарды да пайдаланылгандыгын белгилеген.

Алынган теманы ачып берүүдө иштин жүрүшүндө диссертант биринчи главада теориялык методологиялык иликтөөсүн, манасчылыкка калыптаныш жолун, лирикалык ырларын, эпикалык жанрдагы варианттарын талдап келип акырында Молдобасан Мусулманкуловдун чыгармачылыгы толук кандуу изилдене элек деген тыянагын берет. ***Ооба, манасчынын санат-насыят, терме, үлгү ырлары алардын нускоочу турмуштук философияга ээ маңызы өзүнчө талданып изилденгенде манасчынын көп кырдуу таланты дагы тереңден ачылмак , ошондой болсо да изилдөөчүнүн негизги багыты туура коштоого болот.***

Мусулманкуловдун вариантына карата айтылган сын-пикирлерди серепке алып келип диссертант:*“....панисламдык жана пантюркисттик идеяларга бай”,*-деген корутунду чыгарган.

***Сунуш жана пикир. Параграфтын проблемасына жана көлөмүнө карата алганда бул параграфты изилдөөгө кошуп койгону оң, экинчи “панисламдык жана пантюркисттик идеяларга бай” (Жанар Өмүралиева) деген пикирге оозеки айтылган эпос, коомдук формацияга жараша ага кирген маалыматтардын кандайча кирип калары жагдайын, эпикалык табият боюнча тереңирээк айтканда иштин пайдасына чечилмек деген ойдо болдум.***

Диссертациянын экинчи главасында М.Мусулманкуловдун чыгармачылыгына кайрылган эмгектерди иргеп алып, алардын сабына өз салымын кошуу максатында, манасчынын манасчылык өнөргө келүүсүн эволюциялык негизде өсүп жүрүп олтургандыгын калыптанганына чөйрөсүнүн таасири тийгендигине далилдүү илимий тыянактарды берүүгө аракеттенген.

Поэтикалык синтаксистин алкагында караганда “Манас”, “Семетей” эпосторунун тексттери боюнча салыштыруу, аллегория, эпитет өңдүү көркөм тропторду жана поэтикалык формулаларды караган. Тексттик талдоолор бар. Диссертант текст менен иштей алат.

Жалпылай келгенде автор кыйла аракеттерди жасоо менен М.Мусулманкуловдун чыгармачылыгын ар тараптуу ачып берүүдө жогорудагыдай маселелерди бир иретке салып системага келтирип чыккан десек жаңылышпайбыз.

***<u>Сунуш сын пикир</u>: поэтикалык талдоо жүргүзгөндө мотив, мотивировка, тема, форма жана формулалык стиль, көркөм тропторлун жөнөкөй жана татаал болушу, архаикалык жана реалдуу катмарда экени; рефрен, рифма, редиф сыяктуу ыр саптарынын түзүлүштөрүнүн талдоосу так берилиши; манасчынын поэтикалык тилинин, анын эпикалык гипертекстеги лексикасынын байлыгы, Сагымбайдан, Саякбайдан ага чейинки алптардан калган салттуу традициясынын сакталышын текст менен тереңирээк иштесе, ушул маселелерге кийинки иштеринде көңүл бурат деген ойдомун.***

Диссертанттын дагы бир ийгилиги ал, байыркы диний ишенимдерди, ислам динине байланыштуу ойлорун, ыйык сакралдуу түшүнүмдөрдү архаикалык катмардагы тигил, же бул символдук белгилердин М.Мусулманкуловдун вариантында орун алганын, жалпы түрк тилдүү жана башка элдердин мифтеринде, эпосторунда кандайдыр бир мотивдерде типтүүлүктү жараткан деген бүтүмгө келгени концептуалдуу ой жаратат.

Жыйынтыктай келгенде автордун өз алдынча ой жүгүртүп, анализдеп, синтез алууга жана боолголорун билдирүүгө болгон аракетин колдоого арзырлык. **Диссертация илимий-теориялык, методологиялык негиздерде тиешелүү деңгээлде аткарылган**. Ушул турпатында да коргоого чыга берсе болот.

Албетте ар бир иште ийгиликтер менен бир катарда мүчүлүштүк кетпей койбойт ушул жаатында сын-пикир сунуштарыбызды айта кеттик жогоруда.

Жазуунун маданияты, логикалык ырааттуулук жана стилистикалык жактан **каталар** учурабай койбойт, маселен ойдун кайталанышы, сүйлөмдөрдүн бүтпөй калганы, сүйлөмдөр кээде келегей болуп калганы. Бул маселелер коргоого чейин эксперттик тыянакта айтылган жана диссертант тарабынан учурда дыкаттык менен оңдоп-түзөлгөн. Айрым илинчектер калып кеткен, бирок мындай мүчүлүштүктөрдү адатта аткарылган иштин жалпы алкагынын салмагында таразалай келгенде, түпкүлүгүндө диссертациянын теориялык беделин төмөндөтө койбойт, ушинтип барып дайыма түзөлүүнүн жолуна түшөт.

Эпикалык текст, көп жылдар аралыгында улам кайталап окуй берүүнүн негизинде гана өздөштүрүлөт, жанрдын табияты ушундай татаал. Арийне, диссертанттар тарабынан эпосту бир ирет окуп эле жалпы мазмунун андап, бирок табиятын түшүнбөй анан бийик пафостогу жалпы сөз, инерттүүлүк менен тыянак айта берген кезеңдер учурабай койбойт.

Ушу маселеге келгенде Ж.Өмүралиеванын фольклористиканын теориясы илимине киришип жаткан азыркы текст таануу боюнча билими, аракети негизинен жаман эмес, үмүттөндүрөт көп эмгек кылынган.

Илим бир иш менен бүтпөйт, дайыма бири-бирин толуктаганы менен өнүгөт. Манастаануу илиминде М.Мусулманкуловдун чыгармачылыгына карата аткарылган мындай теманын ийне-жибине чейин иликтенип бир системага келтирилиши манас таануу илиминде мыкты аракеттүү ийгилик катары баалоо керекпиз.

**Корутундулап айтканда** диссертациялык иш боюнча ЖАКтын талаптарына ылайык журналдарда илимий макалалары жетиштүү санда жарыяланган. **Жанар Өмүралиеванын “Молдобасан Мусулманкуловдун “Манасынын” көркөмдүк өзгөчөлүгү жана анын чыгармачылык өнөрканасы”** деген темадагы диссертациясы талапка ылайык тиешелүү деңгээлде илимий-теориялык маңызда иштелген жана фольклор таанууда керектүү иш деп баалоо менен биринчи расмий оппонент катары Жанар Өмүралиева 10.01.09 – фольклористика адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты деген окумуштуулук даражага татыктуу деп эсептейм.

**Биринчи расмий оппонент**
**Кыргыз Республикасынын Жогорку**
**Кеңешинин Аппаратынын**
**Лингвистикалык экспертизалар**
**бөлүмүнүн эксперти**
**филология илимдеринин доктору,**
**манас таануучу** **Ж.К. Орозобекова**

**02.04. 2021.**

Ж. К. Орозобекованын колтамгасын ырастаймын:
Сектор башчы К. Ибраимов 02. 04. 2021-ж

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ КЕҢЕШИ
КАДРЛАР
КАДРЫ